**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРИ**

**МИНИСТР ИНОСТРАННЫХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTER OF FOREIGN AFFAIRS**
**OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

**Бишкек, 2017-жылдын «_____» - февралы**

**Урматтуу Федералдык Министр мырза,**

Сизди жана Сиз аркылуу Германия Өкмөтүн Кыргыз Республикасы менен Германия Федеративдүү Республикасынын ортосунда орнотулган дипломатиялык мамилелердин 25 жылдыгы менен чын дилимден куттуктайм.

Кыргызстан менен Германиянын бүгүнкү жаңы тарыхында биздин эки өлкөнүн ортосундагы мамилелер жаңы баскычка өтүп, кызматташууну күчөтүүнүн жаңы жолдорун табууга мүмкүндүк берген жана эки өлкөнүн узак мөөнөттүү кызыкчылыктарына жооп берген өкмөттөр аралык комиссиялардын ишиндеги маңыздуу маселелер менен толукталгандыгын канааттануу менен белгилегим келет.

Кош тараптуу кызматташууда Кыргызстандын этникалык немистери менен болгон тарыхый байланыштар өзгөчө орунду ээлейт жана алар менен руханий жана маданий байланыштар биздин элдердин ортосундагы мамилелердин башкы бөлүгү болуп саналат.

Биз Германия Өкмөтүнүн Кыргызстандын экономикасынын жалпысынан бардык тармактарын өнүктүрүүдө, адистерди даярдоодо,

маданият, билим берүү чөйросүндо, аскердик күчтөрдү колдоодо жана ошондой эле бүгүнкү күндүн жаңы глобалдуу коркунучтарына: эл аралык терроризм менен экстремизмге каршы күрөшүүдо көрсөткөн колдоосуна жогору баа беребиз.

Германиянын Кыргызстанды Бириккен Улуттар Уюму жана Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму сыяктуу эл аралык уюмдардын алкагындагы саясий колдоосун, ошону менен бирге Борбордук Азия өлкөлөрү менен кызматташуу боюнча Европалык Биримдиктин Стратегиясын кабыл алуу боюнча Германиянын демилгесин өзгөчо белгилегим келет.

25 жылдын ичинде топтолгон, кыргыз-немис мамилелериндеги өз ара кызыкчылык туудурган ар кандай маселелерди эффективдүү чечүү тажрыйбасы, мындан ары эл аралык кызматташууну жөнгө салууга үлгү болооруна ишенем.

Биздин эки олконүн ортосундагы мамилелер гуманизм, демократия, толеранттуулук жана тең укуктуулук принципитерине негизделип, мындан ары дагы бекемделе жана тереңдей беришине өзүмдүн терең ишеничимди билдирем.

Учурдан пайдаланып, Сизге бакубатчылык жана жаңы жооптуу кызматыңыздагы бардык ишиңизге ийгиликтерди, ал эми Германия элине тынчтык жана осүп-онүгүүнү каалайм.

**Урматтоо менен,**

**Эрлан Абдылдаев**

**Германия Федеративдүү Республикасынын**
**Федералдык тышкы иштер министри**
**Улуу Урматтуу**
**Зигмар Габриэль мырзага**
**Берлин ш.**

**Бишкек, «____» февраля 2017 года**

**Уважаемый госнодии Федеральный министр,**

По случаю 25-летия установления дипломатических отношений между Кыргызской Республикой и Федеративной Республикой Германия, позвольте искренне поздравить Вас и в Вашем лице Правительство Германии с этой знаменательной датой.

С удовлетворением хочу отметить, что сегодня в новейшей истории Кыргызстана и Германии отношения между странами вышли на новый этап развития, наполнены содержательными делами в деятельности межправительственных комиссий, которые позволяют находить новые формы для интенсификации сотрудничества и отвечают долгосрочным интересам наших стран.

Особую роль в двустороннем сотрудничестве занимает наличие исторических связей с этническими немцами Кыргызстана, духовная и культурная связь с которыми образует весомую часть отношений между нашими народами.